**«БЕКИТЕМИН»**

**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илим, эл аралык коммуникациялар жана инновация боюнча проректору, педагогика илимдеринин доктору, доцент Чалданбаева А.К.**

**_______________________**

**«28» ___ 2024-ж.**

**Шатманалиев Болотбек Амановичтин «Орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбия процессин башкаруунун педагогикалык шарттары» аттуу темадагы 13.00.08. - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо боюнча педагогика кафедрасынын кенейтилген жыйынынын 2024-жылдын 21-майдагы №9 протоколунун**

**КӨЧҮРМӨСҮ**

**Катышкандар:**

1. Калдыбаева А.Т. – п.и.д., профессор – 13.00.01
2. Муратов А.Ж. – п.и.д., профессор – 13.00.01
3. Панкова Т.В. – п.и.д., профессор – 13.00.01
4. Бабаев Д.Б. – п.и.д., профессор – 13.00.02
5. Сыдыхов Б.Д. – п.и.д., профессор – 13.00.08
6. Молдалиева З.М. – п.и.к., 13.00.08
7. Мусина Д.С. – п.и.к., 13.00.08
8. Сманбаев Ө.А. – п.и.д., проф. м.а. – 13.00.01
9. Пак С.Н. – п.и.к., доцент – 13.00.01
10. Эсенгулова М.М – п.и.к., проф. м.а. – 13.00.01
11. Кудайбердиева Г.К.– п.и.к., доц. м.а. – 13.00.01
12. Бузурманкулова Ж.А. – п.и.к., доцент – 13.00.01
13. Бектуров Т.М. – п.и.к., доцент – 13.00.01
14. Иманкулова С.Э. – п.и.к., доцент – 13.00.01
15. Мамбетова З.М. – п.и.к., доц. м.а. – 13.00.01
16. Жакыпова З.Ж. – п.и.к., доц. м.а. – 13.00.01

17. Жолдошова Б.А. – педагогика илимдеринин кандидаты, доц. м.а.
18. Турсунова Э.А. – ага окутуучу
19. Байгазиева К.С. – окутуучу
20. Абдыжалиев Д.А. – окутуучу
21. Мусаева Ж.А. – ага лаборант

**Жыйындын төрагасы:** Калдыбаева А.Т. – педагогика илимдеринин доктору, профессор.

**Жыйындын катчысы:** Мусаева Ж.А. – ага лаборант

**КҮН ТАРТИБИ:**

**1. Шатманалиев Болотбек Амановичтин "Орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбия процессин башкаруунун педагогикалык шарттары" аттуу темадагы 13.00.08. – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы» адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо.**

**2. Шатманалиев Болотбек Амановичтин "Орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбия процессин башкаруунун педагогикалык шарттары" темасындагы диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын талкулоо жана бекитүү.**

**Диссертациялык иш** И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасында аткарылган.

**Илимий жетекчи:** Бабаев Д.Б. – педагогика илимдеринин доктору, профессор.

**Жыйындын төрагасы:** Урматтуу бүгүнкү отурумду катышуучулары! Шатманалиев Болотбек Амановичтин "Орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбия процессин башкаруунун педагогикалык

шарттары" аттуу темадагы 13.00.08. – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин жана кошумча программаны талкуулайбыз.

Диссертациянын негизги мазмунун, маңызын, максатын жана өзөктүү жерлерин айтып берүү үчүн сөз изденүүчүгө берилет.

Изденүүчү Шатманалиев Болотбек Аманович диссертациялык иштин негизги мазмуну менен тааныштырып өттү (Докладдын тексти тиркелет).

**Жыйындын төрагасы:** Изденүүчүнүн диссертация боюнча баяндамасы аяктады. Кимде кандай суроолор бар?

**Иманкулова С.Э. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент.** Болотбек Амановичке бир нече суроом бар. Биринчиси, иштин максаты канча пунктан турат? Экинчиден, баалонун социалдык шарттары, критерийлери деген эмне жана алар азыркы шартта канчалык деңгээлде актуалдуу?

**Изденүүчү:** Суроо бергениңизге рахмат. Иштин максат-милдеттери беш пунктан туруп, алар башка ушундай бардык изилдөөлөргө коюлган талаптардын алкагында, тема боюнча каралган маселелерди чечүүгө мүмкүндүк берүүчү педагогикалык шарттарды, концептуалдык негиздемелерди теориялык жактан изилдеп, эксперименталдык текшерүүгө алууда негизги багыт берүүгө арналаган.

Биринчи, ошондой эле экинчи суроонузга бере турган жоопту шарттап турган нерсе, бул, албетте, азыркы учурдагы Кыргызстандагы билим берүү системасы өзгөчө социалдык-экономикалык кырдаалда пайда болгон принципиалдуу жаңы көрүнүш экендигинде болуп жатат. Коомдогу тынымсыз өзгөрүүлөргө байланыштуу баалоо критерийлерин аныктоо, тактоо боюнча теориялык концепциялардын жана эмпирикалык маалыматтарды интерпретациялоо методдорунун жаңыланып жатканына күбө болуудабыз. Диссертациялык иште тема боюнча, коюлган максатка

ылайык баалоо критерийлеринин, механизминин мааниси белгиленип, оптималдуу варианттарын пайдалнууга аракет жасалды.

**Жыйындын төрагасы:** Кимде кандай суроолор бар? Миргүл Молутбековна, суроонузду бериңиз.

**Эсенгулова М.М. – педагогика илимдеринин кандидаты, профессордун милдетин аткаруучу.** Мен илимий ишиңизди толугу менен окуп чыктым. Менде төмөнкүдөй суроолор пайда болду. Сиздин изилдөөңүздө каралып жаткан башкаруунун модели деген эмне, кандай түшүндүрмө бере аласыз?

**Изденүүчү:** Жалпысынан карасак, белгилүү болгондой "башкаруу модели" катары реалдуу башкаруу системасынын ар тараптан каралган көчүрмөсү, модели каралат жана анын ишин, функционалдык мүнөздөмөлөрүн, системалык негиздерин ачып берүүгө, тактоого, аныктоого багытталган.

Билим берүү системасын же мекемесин башкаруу модели деп структуралык-функционалдык компонентке негизделип, аталган системаны же мекемени башкаруунун бирдиктүү стратегиясына ылайык коюлган максаттарга жетүүгө багытталган ишмердүүлүктү уюштуруу деп түшүнөбүз.

Жакшы жооп болду. Ал эми, экинчи суроом мындай: Иште стилистикалык жактан мүчүлүштүктөр бар, интернеттен материалдар алынган, сүйлөмдөрдүн маанисин кароо зарыл деген пикир айтылды, буга кандай жооп бере аласыз?

**Изденүүчү:** Мындай пикирлер азыр жалпы эле кыргыз тилинде жакталган диссертациялык илимий иштерге байланыштуу айтылууда. Бул көрүнүштү айрыкча техникалык, медициналык багыттагы илимий изилдөөлөрдөн да байкоого болот. Маселе, албетте, кыргыз тилиндеги илимий текстердин филологиялык негиздери, шарттары, стандарттары терең иштелип чыга электигинде жана ошону менен катар эле, текстин өзүндө эле эмес, кыргыз тилинде даярдалган илимий текстерди түшүнүүдө, маанисин аныктап билүүдө да мүчүлүштүктөр болуп жатканында.

Андан кийинки суроо: Сиз ишиңизде караган чет мамлекеттик окумуштуулардын изилдөөлөрүндө орто кесиптик билим берүү мекемелериндеги окуу-тарбия процессин башкаруу кандай негизги мүнөзгө ээ болуп каралат?

**Изденүүчү:** Орто кесиптик окуу жайларында окуу-тарбия процессин башкаруу маселесин изилдеген Н.М. Борытко, В.В. Красикова, О.Е. Лебедева, И.А. Соловцова сыяктуу окумуштуулардын эмгектери менен катар эле, колледжде окуу системасын башкаруу процессинин өзгөчөлүктөрү В.П. Вишневская, Е.Е. Журинская, В.В. Землянский жана башкалардын изилдөөлөрүндө да каралат. Орто кесиптик окуу жайларында, колледждеги окуу-тарбия процессинин системасын башкаруунун өзгөчөлүктөрүн теориялык жактан талдоого алган аталган окумуштуулардын эмгектеринде билим берүү мекемелериндеги окуу процессин башкаруу социалдык мүнөзгө ээ деп белгиленет.

**Жыйындын төрагасы:** Каалоочулар болсо, суроонузду бериңиздер?

**Садыхов Б.Д. – педагогика илимдеринин доктору, профессор.** Мен да изденүүчүгө бир нече суроо бергим келип жатат. Кафедрада буга жакын темалар карала элек, бере турган, кызыктырган суроолор да арбын. Менин биринчи суроом. КББ системасындагы көзөмөлдөө функциялары кандай өзгөрүүлөргө дуушар болууда?

**Изденүүчү:** Сизге рахмат. Ооба, Кыргызстан эгемендик алгандан кийинки кездерде КББ системасындагы көзөмөлдөө иштери, функциялары ар тараптуу өзгөрүүлөргө дуушар болууда. Мамлекеттик билим берүү стандартарынын жаңы муунун кабыл алуу орто кесиптик окуу жайларындагы билим берүүнүн, окутуунун сапатын башкаруу жана көзөмөлдөө ишинин деңгээлин жогорулатты.

Экинчи суроо: Азыркы кезде орто кесиптик билим берүү окуу жайларында, айрыкча, колледждерде билим берүүнүн сапатын башкаруу системасы эл аралык стандартарды эске алуу менен, жаңы принциптерге

ылайык калыптандырылууда. Сиз изилдөөңүздө ошолорду жетекчиликке алдыңызбы?

**Изденүүчү:** Ооба, туура айтасыз, азыркы кезде орто кесиптик билим берүү окуу жайларында, айрыкча, колледждерде билим берүүнүн сапатын башкаруу системасы Ё стандартында түзүлгөн принциптерге ылайык калыптандырууга багытталганы байкалат. Бул жагдай эске алынып, иште каралды. Мисалы: А) Заказ берүү тарап, кардар (коомдун, билим берүү мекемелеринин, инсандын, ишканалардын ж.б.) тарабынан бүтүрүүчүлөргө карай коюлган талаптарды канааттандырууга, алардын муктаждыктарына багытталган максатуу иш алып баруу. Б) Жетекчиликтин башкаруучу, ишмердүүлүктүн багыт, милдеттерин аныктоочу ролу (колледждин максаттарын, багыттарын жана ички чөйрөсүн бүтүндөй бир система катары калыптандырып, ар кайсы багыттагы ишмердүүлүктүн биримдигин, милдеттүү багытын аныктоо, окуу процессинин негизги катышуучуларынын потенциалынын, чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн толук ачууга мүмкүндүк берүүчү жагдайды, чөйрөнү түзүү жана билим жана тарбия берүүнүн сапатынын жогорку деңгээлин камсыздоо).

**Үчүнчү суроо.** Анда, ушул Сиз мисал кылган талаптарга ылайык, Орто кесиптик окуу жайында окуу-тарбия иштерин башкаруунун сапатын камсыз кылуу үчүн анын администрациясы кандай негизги милдет ж.б. алдыга коюшу зарыл болот?

**Изденүүчү:** Орто кесиптик билим берүү мекемесинин билим жана тарбия берүү системасын башкаруунун сапатын камсыз кылуу үчүн анын администрациясы төмөнкү милдеттердин комплексин эске алышы зарыл: 1) кызматтык укук-милдеттер такталып, расмий бөлүштүрү зарыл 2) колледжи өнүктүрүү боюнча коллектив менен биргеликте иштелип чыккан саясаттын, максаттардын жана стратегиянын болушу 3) орто кесиптик билим берүү мекемесинин бөлүмдөрүнүн бирдиктүү финансылык системасы аркылуу каражаттардын бөлүнүшүн пландаштыруу жана көзөмөлгө алуу 4) иштин абалы, кемчиликтери, жетишкендиктери жана натыйжалары жөнүндө

маалымат берүүнүн иштелип чыккан, көпчүлүккө жеткиликтүү маалыматтык системанын болушу 5) натыйжалуу иш жүргүзүүгө шарт түзгөн материалдык жана моралдык жактан колдоо көрсөтүүчү, кызыктыруучу системасынын иштеши 6) башкаруу тармагындагы бардык олуттуу чечимдерге экономикалык жактан баа берүү ж.б..

**Жыйындын төрагасы: Стелла Николаевна, Ваш вопрос?**

**Пак С.Н. – педагогика илимдеринин кандидаты, профессордун милдетин аткаруучу.** У меня тоже возникли несколько вопросов. Мы помним, что в некоторых учреждениях, деятельность администрации сыграла ключевую роль в управлении учебно-воспитательным процессом. Насколько данная проблема актуальна в вашей работе?

**Изденүүчү:** В реализации организационной модели управления ключевую роль играют деятельность администрации, коллектива преподавателей и студентов. Исследование продемонстрировало, что как студенты, так и преподаватели высоко оценили управление воспитательно-образовательным процессом в колледже. Это позволяет утверждать, что существует значительный потенциал, заложенный в совместной деятельности студентов и преподавателей. Организованный воспитательно-образовательный процесс, направленный на формирование знаний, умений и навыков, необходимых для будущей профессиональной деятельности, а также навыков самоуправления, существенно определяет степень готовности студентов к выбору их профессионального будущего.

Следующий вопрос, Вы говорили о положительной динамике в социальной востребованности средних профессиональных учебных заведений, но как с качеством подготовки специалистов?

**Изденүүчү:** Да, на самом деле, в исследуемых образовательных учреждениях наблюдается рост спроса на рынке труда на молодых специалистов с профессиональным образованием, полученным в средних профессиональных учебных заведениях. Выпускники таких учреждений пользуются высокой востребованностью. Сеть средних профессиональных

образовательных учреждений не только сохранилась, но и расширилась. В настоящее время существует множество управленческих структур, отвечающих за организацию учебно-воспитательного процесса в этих учреждениях.

**Жыйындын төрагасы:** Жаркын Айткуловна, суроонузду бериңиз.

**Бусурманкулова Ж.А. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент.** Мындай суроолор, Болотбек Аманович: Сөздү теориялык-методологиялык өңүткө буруп, негизги түшүнүктөргө токтолсок. Сиздин түшүнүгүңүз боюнча окуу-тарбия процесси деген эмне? Окуу-тарбия процессинде колдонулуучу кандай принциптерди бөлүп караса болот?

**Изденүүчү:** Жалпысынан, илимий изилдөөлөргө таянып, теориялык-методологиялык өңүттө, негизги түшүнүктөрдү карап көрсөк, анда окуу-тарбия процессин – бул окуучулардын системалуу түрдө билим алуусун, кесиптик адат, жөндөмдөрдү, дүйнө таанымдык түшүнүктөрдү жана адеп-ахлактык сапаттарды өздөштүрүүсүнө, инсандык каситетти калыптандырууга багытталган таанып билүү ишмердүүлүгү катары аныктасак Ал билим берүү жөнүндө мыйзам актыларына, нормативдик укуктук актыларга негизделип, билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты чагылдырат, коомдук муктаждыктарга жана окуучулардын жеке кызыкчылыктарына, руханий талаптарына жооп берет. Ошондой эле окуу-тарбия процесси окуучуну окутуп, тарбиялап даярдоого мүмкүндүк берүүчү принциптердин жыйындысы болуп да саналат.

**Жыйындын төрагасы:** Нүргүл Кадырбаевна, суроонузду бериңиз.

**Койлубаева Н.К. – доцент.** Окуу-тарбия процессинин субъекттери кимдер? Администрациябы? Сиз жөнөкөй сөз менен түшүндүрүңүзчү окуу-тарбия процессин башкарууда администрация эле субъект болуп саналабы?

**Изденүүчү:** Суроонузга рахмат. Окуу-тарбия процессинин субъекттери (окутуучу, мугалим) да, объектери (студент, окуучу) да өзгөчө орунду ээлейт. Окуу-тарбия процесси – бул окуучу, студент өзүнүн инсандык сапаттарын, адам катары калыптануусун камсыз кыла турган шарттарды түзүү катары да

саналат. Мындай жана ушул сыяктуу концепцияларга, аныктамаларга, түшүнүктөргө таянуу менен төмөнкү аныктаманы сунуштаса болот: окуу-тарбия процессин башкаруу – бул окутуучу, мугалим жана окуучу, студенттин атайын максатталган, багытталган, өз ара таасир тийгизүүчү ишмердүүлүгүндөгү окуу-педагогикалык кырдаалды (ситуацияны) долборлоо, алдын алуу, чечүү жана аны мотивациялык, рефлексивдүу каражаттар менен камсыз кылуу.

**Койлубаева Н.К.:** Ошондо, бул аныктамасынын негизинде окуу-тарбия процессин субъектери ээ болууга тийиш болгон негизги ишмердүүлүк багыттар кайсылар?

**Изденүүчү:** Ооба, окуу-тарбия процессин субъекттери ээ болууга тийиш болгон негизги ишмердүүлүк багыттарды, көндүмдөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот: маалыматты чогултуу жана пайдалануу максатында алар менен иштөө; окуу-педагогикалык кырдаалды (ситуацияны) долборлоо, көрүү, болжолдоо, долбоорлоо жана талдоо; проблеманы аныктоо (себептерин тактоо); педагогикалык милдетти аткаруунун критерийлерин белгилөө; коюлган максаттарга жетүү жолун аныктоо; маселелерди чечүүгө багытталган иш-чараларды ишке ашыруу; жетишилген корутундуларга, натыйжага баа берүү; өзгөрүүлөрдү эске алуу, аракет, ишмердүүлүктү туура багытта алып баруу.

Бул каралган багыттар, талаптар окутуучу, мугалимдин ишмердүүлүгүнө, студент, окуучунун ишмердүүлүгүнө да бирдей тиешелүү.

**Жыйындын төрагасы:** Туйгун Муктарович, суроонузду бериңиз.

**Бектуров Т.М. – педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.** Орто кесиптик окуу мекемесиндеги окуу-тарбия процессин башкаруунун системасынын модели кандай принциптерди жана педагогикалык шарттарды камтышы керек?

**Изденүүчү:** Орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруунун системасынын модели гуманистик, демократиялык, илимий, системалык, оптималдуулук, ийкемдүүлүк принциптеринин негизинде

түзүлөт жана аны ишке киргизүү төмөнкү педагогикалык шарттарды, багыттарды камтыйт: кесиптик орто окуу жайдын өнүгүү стратегиясынын, башкаруу ишинде жана педагогдордун ишмердүүлүгүн (практикалык жана илимий изилдөө) уюштурууда демократиялык иш алып баруу стилинин болушу, өнүгүү максаттарын, милдеттерин так аныктоо, аларды ишке ашыруу үчүн илимий-методикалык, кадр-адистер боюнча, материалдык-техникалык, каржылоо, укуктук-нормативдик ж.б. тармактардын иштеши окуу-тарбия структуралык кызматтарынын натыйжалуу ишмердүүлүгү (мазмуну, кесиптик багыттары, окуу формасы жана түрлөрү, окуу-тарбия боюнча структуралык бөлүмдөрдүн орун алышы, саны, сапаты ж.б.) өнүгүүнү камсыз кылган жаңыланган башкаруу технология, стиль, метод, формаларынын пайдаланылышы кесиптик орто окуу жайдын статусу ж.б.

Экинчи суроо. Жакшы. Орто кесиптик окуу жайлар нормативдик документтер менен моделдеги башкаруу функцияларына ылайык гана иш жүргүзсө бул иштин натыйжалуулугун төмөндөтүүгө алып келбейби?

**Изденүүчү:** Рахмат. Экинчи суроого жооп. Албетте, инсандык сфера да эске алынууга тийиш. Бирок, орто кесиптик окуу жайдагы сапат системасын ишке ашырууда ар бир процедура менеджерлер жана аткаруучулар тарабынан кылдат изилденүүгө, документтештирилүүгө жана иштеп чыгууга тийиш. Бул жагынан иштелип чыккан жоболор жана программалар негизги мааниге ээ. Орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процесстерин башкаруунун көптөгөн катышуучуларынын күч-аракетин бириктирип, билим берүүнүн, тарбиянын сапатынын бардык жактары боюнча иш алып баруу гана натыйжа берет. Нормативдик документтерге жана негизги башкаруу функцияларына ылайык иш жүргүзүлөт, бирок уюштуруу структурасында карама-каршылыктар аныкталганда жана атайын модел аркылуу аталаган багыттагы ишмердүүлүк жаңыланып турбаса, анда бул иштин натыйжалуулугун төмөндөтүүгө алып келет.

**Жыйындын төрагасы:** Кимде кандай суроолор бар? Алгачкы сөз илимий жетекчиси профессор Долон Бабаевге берилет.

**Бабаев Д.Б. – педагогика илимдеринин доктору, профессор.** Урматтуу төрайым, педагогика кафедрасынын профессордук-окуутуучулар курамы Сиздерге ыраазычылык билдиребиз! Бүгүн менин аспирантым үчүн абдан жоопкерчиликтүү күн болуп жатканын көрүп турасыздар. Сиздерге илимий иш жөнүндө айтаардан мурда, Болотбек Аманович билим берүү тармагында, айрыкча орто кесиптик окуу жайларды уюштуруу, башкаруу жагында абдан зор тажырыйбасы бар, эмгекчил жана чыгармачыл инсан экендигине көңүлүңүздөрдү бургум келет. Ар бир орто кесиптик окуу жайын башкарууда, уюштурууда артыкчылыгы, таланты бар жана ушул тармакта эмгеги үчүн мамлекет тарабынан берилген сыйлыктары белгилүү. Теманы тандап алууга өзүнүн иштеп жаткан практикалык иши да түрткү болду. Иште орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруунун өзгөчөлүктөрү, мазмун, функциялары анализге алынгандыгында, функционалдык баалоо критерийлеринин артыкчылыгы аныкталып, кесиптик орто окуу жайдагы окуу процессин башкаруу системасын өркүндөтүүнүн теориялык багыттары, концептуалдык негиздери каралып, өзгөчөлүктөрү, факторлору айкындалып, кесиптик орто окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруунун модели иштелип чыкты жана аныкталган педагогикалык шарттардын жана моделдин натыйжалуулугу эксперименталдык жактан текшерип жакшы натыйжага жетти.

Илимий жетекчи катары диссертант абдан актуалдуу, керектүү илимий эмгек жаратканын белгилейм. Албетте, иимий изилдөөнү жазып жатканда кемчиликтер болбой койбойт. Ар бир айтылган кемчилик, сунуш, талкууда айтылган пикир каралат, мүчүлүштүктөрдү сөзсүз оңдойбуз, алар биз үчүн маанилүү. Бул эмгекти, диссертацияны коргоого сунуштайм жана Сиздерди колдоп берүүңүздөрдү суранам.

**Жыйындын төрагасы:** Диссертациялык ишти талкулоого өтөлү. Талкууну баштап, актуалдуулугу боюнча айтсак, албетте зарыл темада даярдалган иштердин бири десек Коомдук-экономикалык сферадагы өзгөрүүлөр билим берүү системасын, укутук базанын да өзгөрүшүнө алып

келди. Укуктук мыйзамдын өзгөрүшү менен катар, орто кесиптик окуу жайлардагы билим берүү жана тарбия процессинин башкаруусу, уюштуруусу да өзгөрүп жатат. Окуу жайлар көп профилдүү тармак катары калыптанып, окуу программаларынын, тарбия ишинин мазмуну жана формалары жаңы шарттарга ылайыкташууда. Ошондой эле, өз алдынча башкаруу жана жаңы каржылоо формаларына өтүү сыяктуу көрүнүштөр бул системадагы башкаруу маселелерин татаалдантып жатат. Орто кесиптик билим берүү системасында адистерди даярдоонун методдору, мазмуну жана шарттарынын ар түрдүүлүгү, аларды жөнгө салуу маселелери педагогикадагы актуалдуу темалардын бири болуп саналат. Окуу-тарбия процессин башкаруу боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжасында, бул маселе жетиштүү деңгээлде изилденбегени аныкталууда. Жаңы типтеги орто окуу жайларды уюштуруу, ошондой эле, тиешелүү теориялык жана методологиялык базаларсыз жүрүүдө. Диссертант практикалык жактан тажырыйбалуу адис катары, өз тажырыйбасын теориялык жактан иштеп чыгууга, сунуштарды берүүгө аракет жасаган, чоң эмгек кылган. Орто кесиптик жана билим берүү мекемелеринин башкаруу ишин жакшы билгендиги байкалып турду. Мындай эки тармакты (практика жана теорияны) бириктирүүгө болгон аракет колдоого татыктуу. Ошондуктан мен бул ишти коргоого сунуштаймын, изилдөө иши 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги адистигине жооп берет.

**Жыйындын төрагасы:** Дагы кимде кандай ой-пикир бар?

**Эсенгулова М.М.:** Диссертациялык изилдөө иши төрагабыз айткандай абдан актуалдуу, практикалык мааниси бар темалардын бири. Билим берүү мекемелерин башкаруу ишмердүүлүгү (менеджмент) азыркы учурдагы билим берүү системаснындагы эң көйгөйлүү маселелрдин катарында. Башкаруунун сапатына баа берүү процесси дайым жаңыланып, билим берүү тармагындагы маалыматтар коомчулукка, болочок студенттерге, иш берүүчүлөргө жана башка кызыкдар тараптарга жеткирилүүсү зарыл.

Азыр билим берүү тармагындагы башкаруунун парадигмасы өзгөрүп жаткан учур. Бул парадигма окуу-тарбия иштерин башкарууну, уюмдардын сапаттуу иштешин камсыз кылууга багытталган функциялык милдеттер менен байланышкан. Иште, билим берүү мекемесинин сапат системасынын эффективдүүлүгү профессордук-окутуучулар коллективинин активдүү катышуусуна, сапатты жакшыртууга багытталган аракеттерине негизделип каралган. Бул туура багыт. Тема боюнча туура, жаңы багыттар, методологиялык ой-пикирлер, теориялык материалдар изилденген, конкреттүү сунуштар берилген.

Жалпылап айтсак, изилдөө иши колдоого татыктуу жана Сиздерди да колдоп берүүгө чакырам. Каралып жаткан илимий иш Жогорку аттестациялык комиссиянын талаптарына толугу менен жооп берет, диссертант 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга татыктуу.

**Жыйындын төрагасы:** Сөз Туйгун Муктаровичте.

**Бектуров Т.М.:** Изденүүчү бул темада практикалык жактан зор тажырыйбасы бар экендиги айтылды. Иш теориялык жана эксперименталдык жактан жемиштүү болгон десем жаңылышпайм. Албетте, кемчиликтер жок эмес. Адабияттарды туура тизмелеп, көрсөтмөлөрдү тактоо зарыл (Токтогуловдун Ф.И.О. ссылкасы туура эмес). Жогоруда стилистика боюнча кемчиликтер айтылды. Ошондой эле, кээ бир жерде, (мисалы, 25-беттегилер 35-бетте) кайталанып калганы бар. Дагы бир белгилей кетүүчү нерсе, изденүүчүнүн жеке салымы. Алар төмөнкүлөр: орто кесиптик билим берүү окуу жайын башкарууда жаңы информациялык технологияларды пайдалануу жана алардын негизинде бирдиктүү билим берүү маалымат чөйрөсүн түзүү жана билим берүү тармагындагы эл аралык байланыштарды, тажырыйба алмашууларды жогорку деңгээлге көтөрүү. Бул иш азыр диссертан жеке демилгеси менен өзү уюштурган илимий университетиндеги ишмердүүлүгү аркылуу жасалып жатат десек жаңылбайбыз.

Мен бул илимий ишти толугу менен колдойм. Изденүүчү 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга сунуштасак болот деп эсептейм.

**Жыйындын төрагасы:** Менимче, жетиштүү. Эгерде башка пикир айта тургандар болбосо, жогорудагы айтылган нерселерди жыйынтыктап, диссертацияны коргоого сунуштаса болот, изденүүчү педагогика илимдеринин кандидаты болууга татыктуу. Муну тема боюнча жазылган жана жарыя кылган илимий эмгектеринен, практика жүзүндө кылган ишинен, жасаган докладдан, суроолорго жооп берүүсүнөн, орто кесиптик мекемелерди башкаруу ишин, материалды терең билгенинен көрүнүп турат, бул теманын үстүндө көп жылдар бою эмгектенип, өзүнүн практикалык иш-аракетин чагылдырган.

Диссертация боюнча бүтүм кабыл алышыбыз керек.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫ ТАЛКУУЛООДОН КИЙИН ТӨМӨНКҮДӨЙ БҮТҮМ КАБЫЛ АЛЫНДЫ:

I. Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу. Учурдагы Кыргыз Республикасынын дээрлик бардык расмий стратегиялык документтеринде кесиптик (айрыкча орто кесиптик) билим берүүнүн абдан манилүү тармак экендиги каралат. Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2021–2030-жылдарга карата өнүктүрүүнүн концепциясында “… орто кесиптик билим берүү системасында натыйжалуу башкаруунун жетишсиздиги” белгиленип, кесиптик билим берүүнүн сапатын арттыруу...» боюнча талап коюлган. 2040-жылдарга карай Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү боюнча каралган программада да орто кесиптик билим берүүгө кесиптик билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, орто кесиптик билим берүү системасын оптималдаштыруу сыяктуу маселелер белгиленген.

Коомдун бардык сферасындагы өзгөрүүлөр жаңы типтеги орто окуу жайлардын ачууга алып келгени жана алардын иштери тиешелүү деңгээлде даярдалган укуктук, теориялык базага таянуусуз, методологиялык,

психологиялык-педагогикалык, башкаруу багыттары боюнча терең изилденип, иштелип чыккан негиздемелерсиз жүргөнү да жашыруун эмес. Жаңы типтеги орто кесиптик окуу мекемелерин ачуу, уюштуруу иштеринин ар тараптуу, абдан такталып иштелип чыккан концептуалдык негиздерин иштеп чыгуу маселеси алигиче актуалдуу бойдон калууда. Окуу жайларды башкарууда вертикалдык жана горизонталдык байланаштарды өркүндөтүүнүн, жаңы механизмдерди издөөнүн, аларда кесиптик орто окуу жайдагы башкаруунун системалык негиздерин иштеп чыгуунун зарылдыгы барган сайын ачык көрүнүүдө. Ушундай кырдаалда орто кесиптик билим берүү окуу жайлар системасында окуу-тарбия процессин башкаруунун оптималдуу моделин калыптындыруу, анын педагогикалык шарттарын аныктоо маселесинин актуалдуулугу артып турган кез.

II. **Изилдөөнүн максаты жана милдеттери:** Изилдөөнүн максаты: орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруунун натыйжалуулугун артырууга мүмкүндүк берүүчү педагогикалык шарттарды аныктоо.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1) орто кесиптик окуу жай системасынын азыркы абалына анализ жасоо, орто кесиптик окуу жайлардын өнүгүү багыт, этаптарын аныктоо

2) орто кесиптик окуу жайлардагы окуу жана тарбия процессин башкаруунун теориялык негиздерин изилдеп чыгуу

3) кесиптик орто окуу жайдагы билим жана тарбия берүүгө байланыштуу негизги түшүнүктөрдүн маани-маңызын жана мазмунун тактоо

4) кесиптик орто окуу жайдагы окуу жана тарбия процессин башкаруу моделин иштеп чыгуу жана аны өркүндөтүүнүн педагогикалык шарттарын аныктоо

5) иштелип чыккан моделди практикалык ишке ашырууга өбөлгө түзгөн колледждин окуу-тарбия процессин башкаруунун педагогикалык шарттарынын натыйжалуулугун эксперименталдык түрдө текшерүү.

**III. Изилдөөнүн натыйжаларынын илимий жаңылыгы:** орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруунун өзгөчөлүктөрү, мазмун, функциялары анализге алынгандыгында, кесиптик орто окуу жайдагы окуу процессин башкаруу системасын өркүндөтүүнүн теориялык багыттары, концептуалдык негиздери каралып, өзгөчөлүктөрү, факторлору айкындалгандыгында кесиптик орто окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруунун модели иштелип чыккандыгында аныкталган педагогикалык шарттардын жана моделдин натыйжалуулугу эксперименталдык жактан текшерилип, аларды орто кесиптик билим берүү уюмунун окуу-тарбия иштерине киргизүү боюнча практикалык сунуштар илимий негизделгендигинде.

**IV. Коргоого коюлуучу диссертациядагы негизги жоболор:**

1. Коомдогу социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн шарттарында орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруу системасы - башкаруу процессинин этаптарын, абалын эсепке алып, анын бардык илимий-педагогикалык, коомдук-экономикалык, административдик компоненттеринин, катышуучуларынын бирдиктүү, тынымсыз иштешин камсыз кылган жаңыланган башкаруу технологиясын жана татаал системалуу практикалык ишмердүүлүктү өзүнө камтыган комплекстүү мүнөздөмөгө ээ болууда.

